«Бишкек инновациалык колледж» мекемеси

**«МАКУЛДАШЫЛДЫ»**
пед.кенештин.жыйынында
Протокол №_1_______
«_29_» _08_2022ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Директор
к.ф.н.,доц. Эркинбеков К.Э.
________________
«_29_» «___08___» 2022ж.

# 050303 "Чет тили" адистиги боюнча педагогикалык практиканын программасы

**« ЖАКТЫРЫЛДЫ »**
Илимий болум
Протокол №_6____
от «_1__» _07___ 2022ж

**Бишкек 2022**

## Педагогикалык практиканын программасы

Педагогикалык практика - келечектеги башталгыч классынын англис тил мугалиминин практикалык даярдыгынын педагогикалык этабы болуп саналат. Педагогикалык практиканын максаты - студенттерде өздөштүрүлгөн жалпы жана кесиптик компетенцияларды бышыктоо жана алардын билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессин өз алдынча жүзөгө ашыруусун камсыздоо, о.э. тандап алган багытына жана кесибине ылайык курстук иштерин алып баруу билгичтиктерине ээ кылуу.

### Педагогикалык практиканын негизги максаты:

1.Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштурууну билет, кесиптик милдеттерди аткаруу шартын жана ыкмаларын тандай алат, алардын эффективдүүлүгүн жана сапатын баалай алат.
2. Көйгөйдү чечет, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечим кабыл алат, өзүнүнүн жоопкерчиликтүүлүгүн жана демилгелүүлүгүн көрсөтө алат.
3. Кесиптик жана инсандык өнүгүүдө кесиптик милдеттерди эффективдүү аткаруу үчүн интерпретацияны жана маалыматтарды колдонууну изилдеп ,иш жүзүнө ашырат.
4.Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияны колдоно алат.
5.Командада иштей алат, окуучулар жана социалдык партнерлор менен, клиенттер, жетекчилик, коллегалар менен эффективдүү тил табыша алат.
6.Команданын мүчөлөрүнүн иштери үчүн жана жумуш ордунда аларды окутуу , тапшырманын аткарылышынын жыйынтыгы боюнча жоопкерчиликти моюнга алат.
7. Өздүк инсандык жана кесиптик өнүгүүнү башкара алат, кесиптик ишмердүүлүк технологиясына жана эмгек шартынын өзгөрүүлөрүнө адаптацияланат.
8. Коллектив менен уюштуруучулук-башкаруучулук иштерге даяр боло алат, активдүү граждандык позицияны ээлеп, сүйлөшүүлөргө даяр болот.
9. Англис тилинде,мамлекеттик жана официалдуу тилде оозеки жана жазуу кебин логикалыкжактан туура ,так , аргументтүү айтып жана жазып бере алат.
10. Сергек жашоо образы үчүн алган билимин колдонууга жөндөмдүү болот, айлана-чөйрөнү коргоочу жаратылыш ресурстарын пайдаланат.

### Педагогикалык практиканын негизги милдеттери:

1. Англис тил сабагынын максатын милдетин аныктайт жана пландаштырат.
2. Англист ил сабагын уюштурат жана текшерет, окуунун жыйынтыгын жана процессти баалайт.

3. Окуучулардын ден соологун жана коопсуздугун камсыз кылат
4. Педагогикалык этиканы сактайт.
5. Англис тили боюнча класстан тышкаркы иштердин максат милдеттерин аныктайт жана пландаштырат.
6. Англис тили боюнча класстан тышкаркы иш чараларды уюштурат, өткөрөт, анализдейт.
7. Педагогикалык көзөмөл жүргүзүү, кенже класстын окуучуларына арналган ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын анализдөө жана баалоо.
8. Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын жана окуу процессин анализдей билүү.
9. Нормативдүү укуктук документтер жана окуу-методикалык документтер менен иштөө, окуу-методикалык комплект тандоо, окуу-методикалык материалды билим берүү стандартына жана окуу программасынын негизинде иштеп чыгуу.
10. Англис тил кабинетинде предметтик өнүгүш чөйрөнү жаратуу.
11. Башка педагогдордун ишмердүүлүгүнө анализ жүргүзүү, кесиптик адабияттарды билим берүү технологиясынын негизинде окуп үйрөнүү жана педагогикалык тажрыйбаларды баалоо жана системалаштыруу.
12. Педагогикалык иштелмелерди отчёт, реферат түрүндө даярдоо.

**Практиканын базасы**:

Практикант студенттер Кыргыз Республикасынын жалпы региондорундагы орто мектептерге өтүнүч каттардын негизинде жөнөтүлөт жана Бишкек шаарындагы жалпы билим берүүчү орто мектеп-гимназиялардын Бишкек инновациялык колледж менен түзүлгөн келишимдин негизинде гана тиешелүү билим берүү мекемелеринде практикадан өтүшөт.

**Иштин тартиби**:

Окуу планынын негизинде практиканын мөөнөтү 4 жумага созулат.
1-жума: Теориялык билимди практикада иш жүзүнө ашыруу практикасы.
2-жума: Теориялык билимди практикада иш жүзүнө ашыруу практикасы
3-жума: Мектепте класска англис тил сабак берүү практикасы.
4-жума: Тажрыйба алмашуу практикасы.

**Практиканы жетектөө:**

Алгач педагогикалык практика башталганча студенттерге эки жума мурун түшүндүрүүчү семинарлар өткөрүлөт. Практиканын алдында санитардык китепчелерин медициналык текшерүүдөн өткөрүп, билим берүү мекемелерине барууга уруксат алышат. Окуу акысын толук төлөгөн, модулдарды убагында тапшырган студенттер гана практикага барууга уруксат алат, айрым студенттер белгилүү себептер менен өзүлөрүнүн жашаган жерлеринде практикадан өтүү үчүн өтүнүч каттарды тапшырышат. Практика башталарына он күн калганда Бишкек инновациялык колледжинин практика башчысы директорго тиешелүү практикалык базаларга жөнөтүү үчүн билдирүү жиберет. Анын негизинде практика өтүү үчүн Колледждин директорунун атынан буйрук чыгарылат. Буйрук чыккан студенттер гана практикадан өтүүгө милдеттүү.

Практиканын алдында практика жетекчилери жана практиканттар менен бирге көрсөтмө конференция өткөрүлөт. Конференцияда ар бир тайпага бөлүнгөн практикалык базалар тууралуу маалыматтар берилет, жетекчилер тааныштырылат. Ар бир тайпага күндөлүктөр, буйруктардын көчүрмөсү, программалар берилет.

Жуманын жума күнү практика практика жетекчилери жана практиканттар менен биргеликте консультация жүргүзүлүп, жеке жана жалпы тапшырмалар боюнча иш алып барышат. Практика жетекчилери практиканттарды билим берүү мекемелерине алып барып, тиешелүү милдеттерди аткарышат.

**Практиканын жетекчилиги**:

Бишкек инновациялык колледждин бөлүмдөрүндөгү практика жетекчилери педагогикалык практикасы боюнча инструктаж өткөрөт, мектеп администрациясы менен биргеликте класстарга бөлүштүрөт, практиканттарга методикалык жардам көрсөтөт, консультация берет, практика учурундагы студенттердин отчёттук документтерин тескейт. Практиканы уюштуруу, өткөрүү, жыйынтыктоо этабына балл коёт. Практиканттардын отчётторун кабыл алып, Бишкек инновациялык колледждин практика башчысына отчет тапшырат

**Педагогикалык практиканын программасынын мазмуну**

Бүтүрүүчү курстун практикасы өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланат, себеби студенттин эки тараптуу укугу бар, 1- ал студент анын иши окуу мекемесинин завучу жана мугалими тарабынан каралып көзөмөлдөнөт. 2- ал

мектептин толук мугалим катары бардык иштерге жоопкерчиликтүү болот. Бардык мугалимдер менен мамиле түзөт.

Даярдоочу этап окуу планынын негизинде башталганга чейин 1 ай мурда жүргүзүлөт. Алгач ар бир группага практика боюнча семинар өтүп, санитардык китепче, окуу акысы өтүнүч каттар тууралуу айтылат. Андан кийин көрсөтмө конференция өткөрүлөт. Ар бир студент практиканын максатын, милдетин , өткөрүү мөөнөтүн, иш күнү жана практикалык отчеттук документациялары менен таанышат. Практиканы уюштурууга мектептерден тажрыйбалуу мугалимдердин классына бөлүнот. Мектеп мугалими менен колледждин практика жетекчилери көрсөтмө жыйындарды өткөрүп турушат. Зачеттук сабактарын өтүүгө карата консультация алышат.
Группанын практика жетекчиси бекитилген мектептерде практиканын жүрүшүндө инструктаж берип, негизги нерселерге көңүл бөлөт.

-Практика өтүүдө мектептин коллективинин жоопкерчилиги;

-Адаптация убагында студентке жардам көрсөтүү;

-Мектептин ички тартиптери жана эрежелери менен таанышуу;

-Классынын мүнөздөмөсү менен таанышуу;

-Практиканттардын ишмердүүлүгүн күн сайын текшерүү жана системалуу методикалык жардам көрсөтүү;

-Практикантардын мунөздөмөлөрүн даярдоо жана алардын иштери тууралуу талкуу.

**Студенттердин практикалык ишмердүүлүгүнүн мазмуну**

1. Мектептин окуу-тарбиялык иштери менен таанышуу (мектептин окуу материалдык базасы, педагогикалык коллективдин ишмердүүлүгү, мугалимдердин методикалык кеңешмеси, класс жетекчилер, мектеп кеңешмеси жана педагогикалык кеңешме, окуу сабактарынын расписаниеси )

2. Окуп-үйрөнүү

-Мектептин, класстын окуу тарбия процессинин пландоо системасы;

-Класстагы окуучулардын иш-кагаздары

-Сабактар боюнча окуу жана класстан тышкаркы иштердин системасы;

-Мектеп мугалимдеринин мыкты тажрыйбалары.

3.Өз алдынча иштер

-Календардык план боюнча сабактын иштелмелерин даярдоо жана жазуу;

-Сабактарды өтүү, зачеттук ачык сабактарды пландоо;

-Документацияга киришүү (дептерлерди,жана берилген жеке тапшырмаларды текшерүү);

-Педагогикалык жана методикалык бирикмелердин иштерине катышуу;

-Өзүнө- өзү баа берүү жана өзүнө анализ берүү ишмердүүлүгү боюнча иш алып баруу.

Бул практиканын өзгөчөлүгү-студент мугалимдердин бардык функцияларын аткарат. Дайыма көзөмөлдө болуп студентке кыйынчылыктар кезиксе мугалим жана методист жардамга келет. Практиканттардын үйрөтмө сабактары жана зачеттук сабактары мектеп мугалимдери жана завучтары тарабынан бааланат.

Мугалимдин функциясынын көп түрдүүлүгү балдар менен дайыма байланышта болуу, мугалимдер, ата-энелер, админстрация менен иш алып баруу, студент- практиканттардын кесиптик ишмердүүлүккө даяр экендигин аныктайт.

**Педагогикалык практиканы өткөрүүнүн календардык – тематикалык иш планы**

| № | Иштин мазмуну | |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 1-жума<br>1-күн | 1. Студент бардык сабактарды план боюнча өтөт.<br>2 .Өз алдынча сабакты пландап, конспект жазат.<br>3. Окуу процессин жакшыртуучу изилдөөлөрдү пайдаланат.<br>4. Алгач класстын өзгөчөлүгү менен таанышат.<br>5. Англис тил мугалим менен календарлык- тематикалык планды практика учурунда өзүнө жазып алат.<br>6. Класстын тарбия иштеринин планын алат.<br>Мектеп менен таанышып, мектеп администрациясына жолугуп, классты бөлүп, класс жетекчи жана аглис тил мугалимдери менен үйрөнмө сабактарды өтөт. | |
| 2-күн | 1. Окуучулар менен аңгемелешип , алардын кызыгууларын суроо-жооп иретинде өздөштүрөт.<br>2. Англис тил сабагынын практика учурундагы календардык-тематикалыкпланын алып, таанышуу.<br>3. Класс жетекчинин тематикалык планын алып даярдануу.<br>4. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүчү жагымдуу маанайларды түзүү жана ишке ашыруу.<br>5. Класс иши жана үй иши боюнча материалдарды тандай билүү.<br>6. Алгачкы сабактарды өтүүгө иштелмелерди жазуу. | |
| 3-күн | 1. Сабактарды өтө баштоо, көрсөтмө куралдарды даярдоо.<br>2. Класстын окуучуларынын сабакка катышууларын тактоо.<br>3. Окуу куралдарынын толук же толук эместигин текшерүү.<br>4. Күндөлүктөргө эскертүүлөрдү жазуу, ата-энелерге кабарлоо.<br>5. Сабактын планынын негизинде көрсөтмө куралдарды системалуу пайдаланууга көнүгүү. | |
| 4-күн | 1. Окуучулардын кол жазмаларына талдоо жүргүзүү.<br>2. Тексттер аркылуу тапшырмаларды бере билүү.<br>3. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.<br>4. Угуу, окуу, жазуу, көрүү көндүмдөрүн калыптандыруу.<br>5. Сабактардын бардык түрлөрүн мугалимдин көзөмөлүндө өтө баштоо. | |

| | | |
|---|---|---|
| 5-күн | 1. Окуучуларды англис тил сабагында кыймыл оюндары менен ойноого кызыктыруу.<br>2. Англис тил мугалими жана класс жетекчинин иш-тажрыйбаларын үйрөнүүжана жалпы жана жеке тапшырмаларды аткаруу.<br>3. Колледждин практика жетекчисинен консультация алуу жана окуу методикасы боюнча колдонмолорду пайдалануу.<br>4. Класстын окуучулары менен биргеликте иш алып баруу.<br>5. Зачеттук ачык сабактарды жана тарбиялык саатты тандап алуу жана план жазуу. | |

| № | Иштин мазмуну | |
|---|---|---|
| 2-жума<br>1-күн | 1. Үйрөнмө сабактарды күнүгө өтүү.<br>2. Колледждин күндөлүгүн толтуруу.<br>3. Методикалык жардамдарды алуу, сабакка анализ жасоону үйрөнүү.<br>4. Башка практиканттардын жана тажырыйбалуу алдыңкы мугалимдердин сабагына катышуу.<br>5. Алтын эрежени түзүп алуу.<br>6. Сабактын максатын окуучунун позициясынан коюуну өздөштүрүү. | |
| 2-күн | 1. Имитациялык сабактарды уюштуруу, талдоо.<br>2. Практиканттардын теориядан алган билимдеринин практикада ишке ашырылышына басым жасоо.<br>3. Окуучунун билимин туура баалоо көндүмдөрү.<br>4. Үй тапшырмаларынын маанисине жана көлөмүнө көңүл буруу.<br>5. Класс журналы, окуучунун күндөлүгү, дептерине баа коюуга машыгуу. | |

| | | |
|---|---|---|
| 3-күн | 1. Үйрөнмө сабактарды өтүп, анализ алуу.<br>2. Студент-практикант өзүнүн окутуучулук ишмердүүлүгүндө жеке стилин аныктоого аракет кыла алат.<br><br>3. Дайыма балдар менен байланышта болуу, көпчүлүк менен тил табышуу,(мугалимдер, ата-энелер, окуучулар)<br>4. Окуучулардын суроо-талаптарын канааттандырууга дайыма даяр болуу.<br>5. Көрсөтмө куралдардын түрлөрүн даярдоого машыгуу. | |
| 4-күн | 1. Окуучулардын жаш курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн иликтөө, класстык жамааттын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.<br>2. Мектептин иш-кагаздарын өздөштүрүү.<br>3. Зачеттук тарбиялык иш-чаранын темасын тандоо, өткөрүүгө даярдык көрүү.<br>4. Сабактын иштелмелерин жазуу. | |
| 5-күн | 1. Сабактын структурасынын уюштурулушу.<br>2. Үй тапшырмасын текшерүүнүн формалары жана түрлөрү.<br>3. Мугалим сабактын темасын жеткиликтүү, көрсөтмөлүү, түшүндүрүүгө көрсөтмө берүүсү.<br>4. Билим, билгичтиктер жана көндүмдөрдү бышыктоо иштерин жүргүзүү.<br>5. Окуучулардын жетишкендиктерине баа берүү.<br><br>6. Сабактын жыйынтыгын чыгарууга үйрөтүү. | |

| № | Иштин мазмуну | |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 3-жума<br><br>1-күн | 1. Практика жетекчиси менен мектеп мугалиминин жардамын алуу.<br>2. Педагогикалык табылгаларды, жетишкен ийгиликтерди жарыялоо.<br>3. Өз алдынча өткөргөн тарбиялык иш-чара жөнүндө маалымат, анализ.<br>4. Практика учурундагы кездешкен кыйынчылыктар жана ойдогудай болбогон иштер.<br>5. Мектеп мугалимдеринин эмнелери жакты, эмнелерди үйрөндүңөр.<br>6. Окуучуларга мүнөздөмө берүүчү суроолор. | |
| 2-күн | 1. Колледжде окутулган методикалык ыкмаларды пайдалануу, компетенцияларды ишке ашыруу.<br>2. Практиканттын кесипке болгон кызыкчылыгын калыптандыруу.<br>3. Окуучуларды коомдук пайдалуу иштерге тарта билүү. | |
| 3-күн | 1. Практикант менен окуучулардын ортосундагы достук, жолдоштукту жөнгө сала билүү.<br>2.Окуучулардын өзүн алып жүрүүсүнө байкоо жүргүзүү, жазуу.<br>3. Ар бир окуучуга психологиялык-педагогикалык мүнөздөмө түзө билүү.<br>4. Атайын бөлүнгөн англис тил сабагынан окуу китеби менен пограммасын, календардык –тематикалык планын салыштыруу.<br>6. Тексттерди аудио-видеодон уктуруу жана көргөзүү. | |

| | | |
|---|---|---|
| 4-күн | 1.Проектер менен слайд, презентация, көргөзүүнү ишке ашыруу.<br>2. Электрондук доскалар менен иштөөнү үйрөнүү.<br>3.Ноутбук, телевизор менен сабакты өтүүгө даярдануу.<br>4.Окуучулардын ойу аркылуу сабак өтүүгө үйрөтүү.<br>5.Англис тилинде жакшы көргөн чыгармаларды, мультфильмдеги каармандардысүрөттөп берүүгө машыктыруу.<br>6.Сүйлөө маданиятына көңүл буруу жана сылык сүйлөөгө калыптандыруу. | |
| 5-күн | 1.Зачеттук сабактарды өтүү, практика жетекчисин чакыруу.<br>2.Зачеттук сабактын иштелмелерин, дидактикалык материалдарды даярдоо. | |

| № | Иштин мазмуну | |
|---|---|---|
| 4-жума<br>1-күн | 1. Зачеттук жөнөкөй сабактарды тынымсыз өтүү, тажрыйба алуу.<br>2. Стандартуу жана стандартуу эмес сабактарды уюштуруу. 5.Окуучуларды жаратылышка алып чыгуу, айлана-чөйрөдогу кубулуштарды англис тилинде уйронуу<br>3. 6.Тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына 3-4 жолу катышууга милдетүү. | |

| | | |
|---|---|---|
| 2-күн | 1.Практика жетекчилери студенттерди педагогикалык кесипти сүйүүгө багыттайт.<br>2.Окуу -тарбия иштерин өз алдынча өткөрөт.<br>3.Начар окуган окуучулар менен иш алып баруу.<br>4.Портфолио, күндөлүктөрдү толтуруу. | |
| 3-күн | 1. Сүрөт боюнча англис тилинде чакан аңгеме жаздыруу.<br>2. Баалоонун ыкмаларын окуучуларга жүргүзүү.<br>3. Жат жазуу иштеринин көлөмү жана баалоо.<br>4. Каллиграфиялык каталар менен иштөө.<br>5. Педагогикалык терминдердин, аныктамалардын түшүндүрмөсүн түзүү. | |
| 4-күн | 1.Зачеттук сабактарды өткөрүү.<br>2.Сабактын иштелмелерин жазуу жана топтоо.<br>4.Практикалык машыгууларды жүргүзүү.<br>5.Практикант менен окуучулардын иш-аракеттери.<br>6. Күндөлүктү толтуруу, портфолиону жасоо. | |
| 5-күн | 1. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.<br>2. Үн чыгарып окуу жана көркөм окууну үйрөтүү.<br>3. Окуу техникасын текшерүү.<br>4. Дептерлердеги каталарды оңдоо. | |

## **Адабияттар**:

1. Асанова Ж. Студенттерди педагогдун кесибине үйрөтүүнүн теориялык-практикалык негиздери. Б. Учкун, 2000. 252 б
2. Акунова А.Р.Чокошева Б.С. «Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо» Методикалык колдонмо. Б ,2010.
3. Кадыров К. «Бүгүнкү күндөгү сабакка даярдануунун технологиясы» «Кутбилим» 2007. 19-январь 6- б
4. Касымов А. Интерактивдүү оюндар жана ыкмалар. Бишкек ,2003
5. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары . Бишкек ,2006.
6. Орто мектептин башталгыч класстарынын окуу пландары .«Кутбилим» 2007-май .
7. Педагогикалык изденүү Ф.Мектеп, 1989. 605-б
8. Рахимова М.Р. Абдыкеримова М.А. Курбанова М.У. Педагогиканын теориясы, схемасы жана технологиясы.
Бишкек: ЖЧК Атлантикс, 2005, 212- б
9. Саалаев Ө. «Окутуунун интерактивдүү усулдары»
Бишкек , 2009.
10. Сартбаев К. Окуучулардын сөзүн өстүрүү Ф. «Мектеп» 1963.
11. Ысмаилова Ж. Ибраимова К. Таза жазуу 4-кл, Б ,2001 .
12. Турдакунов С. «Көрсөтмөлүүлүк сабактын маанилүү бөлүгү.» Мугалимдер газетасы -1993-ж. 3-декабрь